Бекитемин
№46 орто мектебинин
Директору
Сматова Г.Ш.
________
«28»_09_2021

**Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарындагы социалдык педагогго коюлуучу квалификациялык талаптар**

1. *Кызмат милдеттери:*

- Жалпы билим берүү уюмдагы социалдык педагог баланын жашоо-тиричилигиндеги орчундуу маселелерди чечүүдө бала менен үй-бүлөнүн, мектептин, коомдук чөйрөнүн, социалдык кызматтардын, ведомстволордун, укук коргоочу жана администрациялык органдардын ортосунда арачы болот да, анын кызыкчылыктарын жактайт;

- Балдардын жашоо шартын илктөө үчүн социалдык сурамжылоо, диагноздоочу изилдөө жүргүзөт;

- Окуучулардын инсанынын психологиялык-медициналык-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн, жашоо чөйрөсүн жана шарттарын иликтейт;

- Баланын жүрүм-турумуна байланышкан кыйынчылыктарды, чыр-чатактуу кырдаалдарды, жүрүм-турумдагы кемчиликтерди аныктоо максатында үй-бүлөнү иликтейт;

- Ата-энелер менен балдардын мамилелерин жакшыртууга көмөктөшөт. Бейжай үй-бүлөлөрдөгү балдардын баарлашуу (коммуникативдик) көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт;

- Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга, алардын ата-энелик милдеттерге аң-сезимдүү мамиле жасашына көмөктөшөт, ошондой эле ата-энелери менен мамилеси начарлаган балдардын маселелерин чечүүгө жардам берет;

- Балдарды коргоо жана социалдык колдоо, өмүрүн жана ден соолугун сактоо боюнча чараларды көрөт;

- Камкордукка жана тарбияга муктаж балдарга зарыл жардам берет;

- Жетим жана ата-энелеринин камкордугусуз калган балдарды (тарбиялануучуларды) жумушка орноштуруу, турак жай, жөлөкпул, пенсия менен камсыздоо боюнча көмөк көрсөтөт;

- Класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштерге тартуу, балдар жана жаштар уюмдары, мекемелери, клубдары менен кызматташуу аркылуу балдардан бош убактысын уюштурууга көмөктөшөт;

- Балдар иштери боюнча комиссиянын ишине катышат;

- Зарыл болгондо, балдардын өздүк документтерин (туулагандыгы жөнүндөгү күбөлүгүн, паспортун) калыбына келтирүүгө жардам берет;

- Зарыл документтерди даярдоо иштерин жүргүзөт;

- Ата-энелерди (мыйзамдуу өкүлдөрдү) жана коомчулукту балдардын меселелерин чечүүгө тартат;

- Балдардын жана өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын изилдөөгө байланышкан маалыматтарды чогултат, жашы жете электердин маселелерин чечүү жана алар үчүн шарт түзүү боюнча расмий суроо-талап менен мамлекеттик органдарга кайрылат;

- төмөнкүдөй окуучуларга жардам көрсөтүү үчүн алардын эсебин жүргүзөт, мугалимдер, мектеп психологдору (эгер болсо), ата-энелер (алардын ордун баскан адамдар), атайын социалдык кызматтар, жаштарды жумушка орноштуруу кызматтары, кайрымдуулук уюмдары менен кызматташат:
  - жүрүм-туруму бузулган,
  - жашоодо кыйын (опурталдуу) кырдаалга туш келген,
  - камкордукка жана тарбияга муктаж,
  - өзгөчө муктаждыктары бар

***2. Төмөнкүлөрдү билүүгө тийиш:*** Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргызстандын мамлекеттик символдорун, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө», «Мугалимдин статусу жөнүндө» мыйзамдарын, КР «Балдар жөнүндөгү» Кодексин, КР Эмгек кодексин, Баланын укуктары жөнүндөгү конвенцияны жана башка социалдык-педагогикалык ишмердикти уюштуруу боюнча ченемдик-укуктук актыларды; педагогиканын жана педагогикалык психологиянын негиздерин, социологиянын негиздерин; баланын физиологиясын жана гигиенасын; мамлекекттик институттардын, коомдук уюмдардын окуучуларга жардам берүү жана тарбиялоо жаатындагы милдеттерин, педагогикалык адептин ченемдерин.